Кыргыз Республикасынын
Социалдык фондунун
Башкармасынын
2023-ж. 15.-11. № 75
токтомуна 2-тиркеме

.

Башкаруучу компанияларды тандоо боюнча пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишимин түзүү үчүн

# КОНКУРСТУК ДОКУМЕНТТЕР

**МАЗМУНУ**

1. Жалпы жоболор
2. Конкурстук табыштамаларды берүү убактысы жана орду
3. Конкурстук табыштамалар бар конверттерди ачуунун убактысы жана орду
4. Конкурсту уюштуруучунун өкүлдөрү
5. Конкурстук документтердин жоболорун түшүндүрүү
6. Конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуунун өлчөмү жана формасы
7. Конкурстун катышуучуларына талаптар
8. Пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишиминин шарттары
9. Конкурстун критерийлери
10. Конкурстук табыштамаларды даярдоо жөнүндө нускама
11. Табыштаманын жарактуу мөөнөтү
12. Конкурстук табыштамалар бар конверттерди ачуу
13. Конкурстун жыйынтыгын чыгаруу жана конкурстун жеңүүчүсүн аныктоо
14. Конкурстун жеңүүчүсү менен келишим түзүү
1- тиркеме. Документтердин тизмеси
2- тиркеме. Конкурска катышуу үчүн табыштама-кат
3- тиркеме. Мамфинкөзөмөлгө кат

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул конкурстук документтер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 19-августундагы № 590 токтому менен бекитилген Пенсиялык топтолмо каражаттарды ишенимдүү башкаруу келишимин түзүү үчүн башкаруучу компанияларды тандоо боюнча конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобого (мындан ары – Жобо) ылайык Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду (мындан ары – Социалдык фонд) алар менен пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишимин түзүү үчүн иштелип чыккан.

1.2. Бул документтер пенсиялык топтоо каражаттарын башкаруучу компанияларды тандоо боюнча конкурс өткөрүү жөнүндө кабарлоону жайгаштыруу менен бирге Социалдык фонддун сайтына жайгаштырылат www.socfond.kg. Конкурстук документтер Социалдык Фонддун сайтында акысыз таанышуу үчүн жеткиликтүү.

1.3. Социалдык фонд (мындан ары – конкурсту уюштуруучу) «Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде иш алып барган башкарманын төрагасынын атынан башкаруучу компанияларды Конкурска катышууга чакырат.

1.4. Конкурс өткөрүү жана катышуучуларга карата талаптар жөнүндө кабарлоо конкурсту өткөрүүгө 30 (отуз) календардык күн калганда конкурсту уюштуруучу тарабынан республикалык маанидеги жалпыга маалымдоо каражаттарында жана Конкурс уюштуруучунун расмий сайтында жайгаштырылат www.socfond.kg.

1.5. Конкурс ачык болот жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өткөрүлөт. Пенсиялык топтоо каражаттарын сактоо жана көбөйтүү максатында ишенимдүү башкаруу келишимин түзүү укугу конкурстун предмети болуп эсептелет.

1.6. Конкурстун уюштуруучусу Конкурска катышууга талапкер башкаруучу компанияларга конкурстук документтерди берет.

1.7. Конкурстук документтер төмөнкүлөрдү камтыйт:

а) конкурсту уюштуруучу тарабынан бекитилген форма боюнча конкурска катышууга табыштаманы тариздөөгө карата нускама жана талаптар;

б) Конкурстун катышуучуларына карата ушул Жобонун 7-пунктунда белгиленген талаптар;

в) пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишиминин шарттары, анын ичинде Келишимдин колдонуу мөөнөтү;

г) конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуунун өлчөмү жана формасы;

д) Конкурска катышууга табыштама берүү тартиби, орду жана мөөнөтү жөнүндө маалымат;

е) Конкурска катышууга табыштамалардын колдонуу мөөнөтү;

ж) Конкурска катышууга табыштамалары бар конверттерди ачуу орду, күнү жана убактысы жөнүндө маалымат;

з) конверттерди ачуу жана конкурска катышуу табыштамаларын кароо тартиби жөнүндө маалымат;

и) конкурстук документтердин жоболоруна түшүндүрмөлөрдү берүү тартиби.

## 2. Конкурстук табыштамаларды берүү убактысы жана орду

2.1. Ушул конкурстук документтердин талаптарына ылайык даярдалган жана тариздөлгөн конкурска катышууга табыштама (мындан ары – табыштама) 2023 - жылдын 15-декабрынын саат 15.00 чейин кечиктирбестен 720005, Бишкек ш., Радищев көч. 62, Социалдык фонду дарегине берилиши керек.

## 3. Конкурстук табыштамалар бар конверттерди ачуу убактысы жана орду

3.1. 720005, Бишкек ш., Радищев көч. 62, Социалдык фондунда 2023-жылдын 16-декабрында саат 14.00дө табыштамалары бар конверттер ачылат.

## 4. Конкурсту уюштуруучунун өкүлдөрү

4.1. Социалдык фондунун жооптуу адистери конкурсту уюштуруучунун өкүлү болуп саналат, тел.: +996 (312) 576 400.

## 5. Конкурстук документтердин жоболорун түшүндүрүү

5.1. Конкурска катышууга талапкер конкурстук документтердин жоболоруна карата түшүндүрмө алуу үчүн конкурска катышууга табыштамаларды берүү мөөнөтү аяктаганга чейин конкурсту уюштурууучуга кайрыла алат.

Ишемби, жекшемби жана жумуш эмес майрам күндөрүнөн тышкары, күн сайын саат 9.00 дөн 18.00 гө чейин конкурсту уюштуруучунун өкүлдөрүнүн телефондору боюнча;

жазуу жүзүндө төмөнкү дарек боюнча: 720005, Бишкек ш., Радищев көч., 62, Социалдык фонду.

5.2. Конкурсту уюштуруучу конкурстук документтердин жоболорун түшүндүрүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү суроо-талапты алган күндөн тартып 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде талапкерлерге конкурстук документтердин жоболорун түшүндүрүүнү жиберет.

## 6. Конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылуунун өлчөмү жана формасы

6.1. Конкурска катышууга талапкер башкаруучу компаниялар баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусунун уставдык капиталынын минималдуу өлчөмүнүн 0,5% өлчөмүндө конкурстук табыштамаларды кепилдик камсыздоону киргизүүгө тийиш.

6.2. Конкурста утулган башкаруучу компанияларга кепилдик камсыздоо толук көлөмдө кайтарылып берилет.

6.3. Кепилдик камсыздоо пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишимине кол коюлгандан кийин конкурстун жеңүүчүсүнө кайтарылып берилет.

## 7. Конкурстун катышуучуларына карата талаптар

7.1. Төмөнкү башкаруучу компанияларга конкурска катышууга уруксат берилет:

а) инвестициялык активдерди ишенимдүү башкаруу боюнча ишти жүзөгө ашырууга лицензиясы барлар;

б) депозитарийдин аффилиацияланган жактары болуп саналбагандар же анын аффилиацияланган жактары;

в) банкроттук жол-жобосу колдонулбагандарга же акыркы 2 жылдын ичинде инвестициялык активдерди башкаруу боюнча ишти жүзөгө ашырууга лицензиянын колдонулушун токтото туруу же жокко чыгаруу түрүндөгү санкциялар колдонулбагандарга;

г) инвестициялык активдерди ишенимдүү башкаруучу катары тиешелүү лицензияны алган учурдан тартып эсептелүүчү иштин мөөнөтү Конкурска катышууга табыштама берген күнгө карата 2 жылдан кем болбоого тийиш;

д) Конкурска катышууга табыштама берилген жылдан мурунку жалпы 2 жыл ичинде чыгашасы болбогондор;

е) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен бекитилген Баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучулары үчүн белгиленген өздүк каражаттардын жетиштүүлүгүнүн ченемдик көрсөткүчтөрүнө жооп берүүчү;

ж) Конкурска катышууга табыштама берген күнгө карата жеке аткаруучу органдын функцияларын жүзөгө ашыруучу адамды же инвестициялык активдерди ишенимдүү башкаруу боюнча ишти түздөн-түз жүзөгө ашыруучу өзүнчө түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисин кошкондо штатында 3төн кем эмес штаттык кызматкерлери (адистери), баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусунун тиешелүү квалификациялык күбөлүгү барлар;

з) баалуу кагаздар менен болгон операцияларга шек келтирген административдик укук бузуулар үчүн жаза-чарасы жоктор. Ушундай эле талап акыркы 2 жылдын ичинде башкаруучу компаниянын жетекчисине коюлат;

и) Конкурска катышууга табыштама берген күндөн кийинки отчеттук күнгө салык кызматынын органдарынын жана Соцфонддун алдында карызы жоктор;

7.2. Конкурстун катышуучуларына Кошумча талаптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген:

“Кыргыз Республикасында пенсиялык топтолмо каражаттарды инвестициялоо процессин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинде белгиленген чектөөлөрдү эске алып пенсиялык топтоо каражаттарын башкаруу боюнча башкаруучу компаниянын сый акысынын өлчөмү жана пенсиялык топтоо каражаттарын инвестициялоо боюнча башкаруучу компаниянын зарыл чыгымдарынын өлчөмүн конкурстун уюштуруучусуна сунуштаган.

## 8. Пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишиминин шарттары

8.1. Социалдык фонду тарабынан конкурс боюнча тандалып алынган башкаруучу компаниялар менен түзүлгөн пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруунун типтүү келишими Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын19-августундагы № 590 “Кыргыз Республикасында пенсиялык топтолмо каражаттарды инвестициялоо процессин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген.

Социалдык фонду тарабынан конкурс боюнча тандалып алынган башкаруучу компаниялар менен түзүлгөн пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишими ишенимдүү башкаруу келишиминин колдонулушунун биринчи беш жылы аяктагандан кийин ишенимдүү башкаруучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келген шартта 10 жылга чейин узартуу укугу менен 5 жылга түзүлөт («Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын топтоо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвестициялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине ылайык).

## 9. Конкурстун критерийлери

9.1. Башкаруучу компанияларга ишенимдүү башкарууга берилген пенсиялык топтоо каражаттарын инвестициялоодон түшкөн кирешенин пайызы катары эсептелүүчү башкаруучу компаниянын сыйакысынын өлчөмү кирешенин көлөмүнөн 10 % дан (он пайыз) ашпоого тийиш.

9.2. Пенсиялык топтоо каражаттарын инвестициялоо боюнча башкаруучу компаниянын зарыл чыгымдарынын сунушталган өлчөмү, ал отчеттук жыл үчүн ишенимдүү башкарууда турган таза активдердин орточо наркынын 0,6%нан ашпоого тийиш.

## 10. Конкурска катышууга табыштама даярдоо жөнүндө нускама

10.1. Жалпы маалымат:

10.1.1. Конкурска катышуу үчүн арыз ээси (мындан ары – Катышуучу) жарыяланган маалыматта белгиленген мөөнөттө конкурстун уюштуруучусуна жазуу жүзүндө ушул конкурстук документтерде белгиленген тартип жана форма боюнча табыштама берет.

10.1.2. Катышуучу бир жолу гана конкурстук табыштама бере алат.

10.1.3. Табыштамага тиешеси бар бардык документтер мамлекетти жана/же расмий тилдерде аткарылууга тийиш.

10.1.4. Табыштамага, ошондой эле анын курамына кирген документтерге катышуучунун жетекчиси же катышуучунун башка өкүлү кол коет, анда табыштамага жана анын курамына кирген документтерге кол коюуга белгиленген тартипте таризделген ишеним кат тиркелет.

10.1.5. Катышуучу конкурстук табыштаманы даярдоо жана берүү менен байланышкан бардык чыгымдарды көтөрөт. Конкурсту уюштуруучунун мындай милдеттери жок жана чыгымдар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

10.2. Конкурска катышууга табыштаманы тариздөөгө талаптар:

10.2.1.Табыштаманын курамына төмөнкү документтер кирет:

берилген документтердин тизмеси (ушул конкурстук документтердин 1-тиркемеси);

Конкурска катышууга табыштама-кат (ушул конкурстук документтердин 2-тиркемеси);

инвестициялык активдерди ишенимдүү башкаруу боюнча ишке лицензиянын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

юридикалык жактын уюмдаштыруу документтерин нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү, юридикалык жак – талапкердин мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүгү;

жеке аткаруу органынын милдетин аткаруучу – талапкерди тандоо (дайындоо) жөнүндө документтердин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

Конкурска катышууга табыштама берилген жылдан мурунку акыркы 2 жыл үчүн аудитордук корутундусу менен финансылык отчет;

Конкурска катышууга табыштама берген адамдын ыйгарым укуктарын бышыктоочу документ;

талапкердин жетекчиси тарабынан күбөлөндүрүлгөн акциялардын беш жана андан ашык пайызына ээ болгон акционерлер (катышуучулар) жөнүндө маалыматтардын тизмеси. Тизмеде төмөнкүдөй маалыматтар камтылууга тийиш: акционерлер – юридикалык жактар жөнүндө – акционерлердин толук аталышы, юридикалык жана почта дареги, юридикалык жакты мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн датасы жана номери; юридикалык жактын аталышындагы, уюштуруу-укуктук формасындагы өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматтар; аткаруучу органдын башчысынын же жеке жетекчи – юридикалык жактын фамилиясы, аты, атасынын аты жана жашаган жери; акционерлер – жеке жактар жөнүндө – акционерлердин (катышуучулардын)аты-жөнү;

инвестициялык декларация, анда талапкердин башкаруучу компания катары ишти жүзөгө ашыруу тажрыйбасы бар активдердин түрлөрү гана камтылат;

конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылууну киргизүү жөнүндө төлөм документинин көчүрмөсү;

конкурска табыштама берген күнгө чейин 1 айдан эрте эмес берилген карызынын жоктугу тууралуу Салык кызматы органынын жана Соцфонддун маалымкаты;

Финансы рыногун көзөмөлдөө жана жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын баалуу кагаздар менен болгон операцияларга шек келтирген административдик укук бузуулар үчүн жаза-чараларынын жоктугу жөнүндө тастыктамасы.

катышуучунун жетекчиси тарабынан күбөлөндүрүлгөн катышуучунун аффилиацияланган жактары жөнүндө маалыматтардын тизмеси, анда төмөнкү маалыматтар камтылат:

а) жеке жак үчүн – фамилиясы, аты, атасынын аты жана жашаган жеринин дареги;

б) юридикалык жак үчүн – толук аталышы, юридикалык жана почталык дареги;

в) юридикалык жакты мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн жана салык төлөөчү катары жакты каттоо жөнүндө күбөлүктүн датасы жана номери;

г) юридикалык жактын аталышындагы, уюштуруу-укуктук формасындагы өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматтар;

д) юридикалык жактын аткаруу органынын башчысынын же жеке жетекчисинин фамилиясы, аты, атасынын аты жана жашаган жеринин дареги;

е) эгерде аффилиацияланган жак арыз ээсинин акционери (катышуучусу) болуп саналса, аффилиациялангандыктын негиздери жөнүндө маалыматтар – арыз ээсинин уставдык капиталындагы анын үлүшү жөнүндө маалыматтар;

ж) конкурс өткөрүлгөн жылдан мурунку жылдын жыйынтыгы боюнча жана табыштама берилген күндөн мурунку акыркы кварталдын аяктаган күнүнө карата абал боюнча өздүк каражаттардын эсеби.

10.2.2. Бул конкурстук документтер үчүн формалар белгиленген документтер ушул формаларга ылайык түзүлүүгө тийиш. Маалыматтар формада басылышы мүмкүн.Форманы кол менен басма тамга аркылуу толтурууга жол берилет.

10.2.3. Бул конкурстук документацияда формасы белгиленбеген документтер жана материалдар эркин формада түзүлөт.

10.2.4. Табыштаманын курамына кирген бардык документтерге ыйгарым укуктуу жактар кол коюуга жана катышуучунун мөөрү менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш. Бирден ашык барактан турган документтерге номер коюлуп, көктөлүп жана катышуучунун мөөрү менен тиркелүүгө тийиш.

10.3. Конкурстук табыштаманы берүү:

10.3.1. Конкурстук табыштама чапталган конвертте тигилген жана номерленген түрдө берилет. Конверт катышуучунун мөөрү менен бекитилүүгө тийиш.

10.3.2. Конверттин сырткы бетинде төмөнкүдөй түшүнүктүү жазуулар болушу керек:

“2023-ж.; 16-декабрынын 14.00 саатка чейин ачпаңыз;

уюмдун-катышуучунун аталышы, почта жана юридикалык дареги, телефону, факсы, электрондук дареги;

конкурстун аталышы;

конкурсту уюштуруучунун аталышы жана дареги”.

10.3.3. Табыштамаларды кабыл алууда конкурсту уюштуруучу конверттин сакталышын гана текшерет. Конверт конкурстук комиссиянын отурумунда гана белгиленген тартипте ачылууга тийиш.

10.3.4. Конкурстук табыштамалар конкурсту уюштуруучунун ушул конкурстук документтердин 4-пунктунда көрсөтүлгөн өкүлдөрүнө жеке тапшыруу же аларды почта аркылуу жиберүү жолу менен конкурсту уюштуруучуга берилет. тел. +996 (312) 576 400.

Конкурстук табыштама почта аркылуу жөнөтүлгөн учурда жөнөтүүчү табыштамасы бар конвертти дагы бир конвертке таңгактайт жана ага өзү берген документтердин кол тамгасы менен күбөлөндүрүлгөн тизмесин салат.

Табыштама почта аркылуу жиберилгенде жөнөтүүчү анын жоголгондугу же кечигип берилгендиги үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат.

10.3.5. Берилген табыштама анын берилген күнүн жана так убактысын (саатын жана мүнөтүн) көрсөтүү менен катар номер менен табыштамалар журналында катталууга тийиш.

Табыштаманын келип түшкөн датасы жана убактысы, ошондой эле табыштамаларды каттоо журналында ага ыйгарылган номер конкурсту уюштуруучу тарабынан табыштаманын сырткы таңгагына коюлат жана талапкерлерге аларды алган күнү жана убактысын көрсөтүү менен тил кат берилет.

10.3.6. Конкурсту уюштуруучу табыштамаларды берүү мөөнөтү аяктагандан кийин алынган конкурстук табыштаманы басып чыгарбастан арыз ээсине кайтарып берет.

Табыштама арыз ээси берген документтердин жана материалдардын тизмеси менен кошо кайтарылып берилет, анда конкурска катышууга өтүнмөнү кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө белги коюлат.

10.4. Конкурстук табыштамага өзгөртүүлөр жана аны кайра сурап алуу:

10.4.1. Конкурстун катышуучусу конкурстук табыштаманы берүүнүн акыркы мөөнөтү аяктаганга чейин өзүнүн конкурстук табыштамасын өзгөртүүгө же кайра чакыртып алууга укуктуу, мында конкурстук табыштамаларды кепилдик камсыз кылууну кайтаруу укугун жоготпойт.

10.4.2. Конкурстук табыштамага өзгөртүү ушул конкурстук документтерге ылайык даярдалууга, чапталууга, маркаланууга жана жеткирилүүгө тийиш. Сырткы таңгагы «Өзгөртүү» деген сөз менен кошумча белгиленет.

10.4.3. Мурда берилген табыштаманы алмаштыруучу конкурстук табыштама конкурстук табыштаманы тариздөөнүн жогоруда көрсөтүлгөн тартибине ылайык тариззделет. Алмаштырылуучу конкурстук табыштама ачылбаган конвертте катышуучуга токтоосуз кайтарылып берилет.

10.4.4. Конкурстук табыштаманы чакыртып алуу жөнүндө кабарлоо ачылбаган конкурстук табыштаманы арыз ээсине токтоосуз кайтарып берүү үчүн негиз болуп саналат.

10.4.5. Конкурстук табыштаманын өзгөртүүлөрүн жана кайра чакыртып алуу жөнүндө кабарлоолорду каттоо конкурстук табыштаманы каттагандай эле тартипте жүргүзүлөт.

## 11. Табыштаманын жарактуулук мөөнөтү

11. Конкурстук табыштама пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишими түзүлгөн учурга чейин колдонулат.

## 12. Конкурстук табыштамалар бар конверттерди ачуу

12.1. Конкурстук комиссиянын төрагасы конкурстук комиссиянын жыйындарын өткөрөт, жол-жоболук маселелер боюнча чечим кабыл алат. Конкурстук комиссиянын төрагасы жок болгон учурда анын функцияларын Комиссиянын төрагасынын орун басары аткарат.

12.2. Табыштамалары бар конверттерди ачууда комиссиянын катчысында каттала турган катышуучулар (алардын өкүлдөрү) катышууга укуктуу. Конверттерди ачууга катышуу үчүн катышуучулар 2023-ж. 15-декабрынын 15.00 сааттан кечиктирбестен конкурстун уюштуруучусуна катышуучунун жетекчисинин колтамгасы коюлган фирмалык бланкта өкүлдөрдүн (эки адамдан ашпаган) фамилиясын, атын жана атасынын атын, уюмдун аталышын жана дарегин көрсөтүү менен кат жүзүндө маалыматтарды берүүгө милдеттүү.

12.3. Конкурстук комиссиянын отурумунда конкурстук комиссиянын төрагасы конкурска катышууга табыштамалары бар конверттерди ачат. Конкурстук комиссия табыштамалар салынган конверттерди ачуу жол-жоболорун аудио жана видео жазууга укуктуу.

12.4. Конкурстук комиссия конверттерди ачуунун жана конкурстун жеңүүчүсүн аныктоо протоколун жүргүзөт. Мында ар бир катышуучунун аталышы жана жашаган жери, бул табыштамада конкурстук документтерде берилген документтер жана материалдар бар экендиги жөнүндө маалыматтар, ошондой эле конкурстук документтерде камтылган маалыматтар жарыяланат жана протоколго киргизилет.

12.5. Табыштамалар салынган конверттерди ачууда конкурстук комиссия катышуучудан (анын өкүлүнөн) табыштамада жана ага тиркелген документтерде камтылган маалыматтарды түшүндүрүүнү талап кылууга укуктуу. Көрсөтүлгөн түшүндүрмөлөр конверттерди ачуу жана конкурстун жеңүүчүсүн аныктоо протоколуна киргизилет. Мында табыштаманы өзгөртүүгө жол берилбейт.

## 13. Конкурстун жыйынтыгын чыгаруу жана конкурстун жеңүүчүсүн аныктоо

13.1. Ушул Жобонун 7.1-пунктунда белгиленген талаптарга ылайык конкурстун катышуучусу(катышуучулары) конкурстун жеңүүчүсү деп таанылат.

13.2. Жеңүүчүнү аныктоо жөнүндө чечим конверттерди ачуу жана конкурстун жеңүүчүсүн аныктоо протоколуна киргизилет жана төмөнкүлөрдү камтыйт:

а) конкурстун предмети;

б) конкурстун шарттары;

в) ар бир катышуучунун конкурстук сунуштары;

г) ушул Жобонун 10-пунктунда белгиленген талаптарга шайкештигин кароонун жана ар бир катышуучунун конкурстук сунуштарын салыштыруунун натыйжалары;

д) конкурстун жеңүүчүсүнүн аталышы жана жайгашкан жери, конкурстун катышуучусун конкурстун жеңүүчүсү деп таануу жөнүндө Конкурстук комиссия кабыл алган чечимдин негиздемеси.

Көрсөтүлгөн протокол зарыл болгон санда нускада түзүлөт жана табыштамалар ачылган жана конкурстун жыйынтыгы чыгарылган күнү комиссиянын катышкан мүчөлөрү тарабынан кол коюлат.

13.3. Конкурстук комиссиянын чечимдери анын жыйналышка катышкан мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен ачык добуш берүү жолу менен кабыл алынат жана протокол менен таризделет. Конкурстук комиссиянын ар бир мүчөсү 1 добушка ээ. Добуштар тең болуп калган учурда төрагалык кылуучунун добушу чечүүчү болуп эсептелет. Конкурстук комиссиянын мүчөлөрү жыйындарга жеке өздөрү катышат жана конкурстук комиссиянын жыйындарынын протоколдоруна кол коюшат.

Конкурсту өткөрүүнүн жыйынтыктары жөнүндө Протокол пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишимин түзүү үчүн негиз болуп саналат.

13.4. Конкурстук комиссиянын чечиминин негизинде конкурсту уюштуруучу 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде конкурстун жеңүүчүсүнө аны конкурстун жеңүүчүсү деп таануу жөнүндө билдирүүнү, конкурсту өткөрүүнүн жыйынтыктары жөнүндө Конкурстук комиссиянын протоколунун бир нускасын тиркөө менен жиберет.

13.5. Конкурсту уюштуруучу конкурстун жеңүүчүсү аныкталган датадан тартып 10 (он) календардык күндөн кечиктирбестен республикалык маанидеги жалпыга маалымдоо каражаттарына, анын ичинде конкурсту уюштуруучунун расмий сайтына Конкурстун жыйынтыктары жөнүндө маалыматты жарыялоого милдеттүү.

## 14. Конкурстун жеңүүчүсү менен келишим түзүү

14.1. Келишимдер Социалдык фонд тарабынан конкурстун жыйынтыгы боюнча тандалып алынган бардык башкаруучу компаниялар менен түзүлөт.

14.2. Эгерде конкурстун жеңүүчүсү жарыялангандан кийин конкурстун жеңүүчүсү конкурсту өткөрүү жөнүндө жарыяланган маалыматта көрсөтүлгөн мөөнөттө пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишимин түзүүдөн баш тартса же баш тартса кепилдик камсыз кылуу кайтарылып берилбейт.

**Ишенимдүү башкаруу келишимин түзүү
үчүн башкаруучу компанияны тандоо
боюнча конкурстук документтерге
1-тиркеме**

Конвертте камтылган документтердин
**ТИЗМЕСИ**

__________________________________________________________

(башкаруучу компаниянын – конкурстун катышуучусунун толук фирмалык аталышы)

| № | Документтердин аталышы | Документ-н саны | Барак-н саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Ишенимдүү башкаруу келишимин түзүү үчүн башкаруучу компанияны тандоо боюнча сынакка катышуу үчүн табыштама-кат | | |
| 2 | Ишенимдүү башкаруу келишимин түзүү үчүн башкаруучу компанияны тандоо боюнча Конкурстун катышуучуларына карата талаптарга арыз ээси жөнүндө анын ылайыктуулугун ырастоочу маалыматтар | | |
| 3 | Инвестициялык активдерди ишенимдүү башкаруу боюнча ишке лицензиянын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү | | |
| 4 | Юридикалык жактын уюштуруу документтеринин нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү | | |
| 5 | Талапкер юридикалык жакты мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү | | |
| 6 | жеке аткаруу органынын милдетин аткаруучу – талапкерди тандоо (дайындоо) жөнүндө документтердин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү | | |
| 7 | Башкы бухгалтер жана катышуучунун мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн бухгалтердик баланс жана конкурска катышуу үчүн табыштама берилген жылга чейинки акыркы 2 жылдагы кирешелер жөнүндө отчет | | |
| 8 | Инвестициялык декларация | | |
| 9 | Табыштама берген адамдын ыйгарым укуктарын ырастоочу документтер | | |
| 10 | Катышуучунун жетекчиси күбөлөндүргөн конкурстук документтерге ылайык катышуучунун аффилиацияланган жактары жөнүндө маалыматтардын тизмеси. Аффилиациялангандыктын негиздери жөнүндө маалыматтар, ошондой эле эгерде аффилиацияланган жак арыз ээсинин акционери (катышуучусу) болсо – арыз ээсинин уставдык капиталындагы анын үлүшү жөнүндө маалыматтар. | | |
| 11 | Конкурска катышууга табыштама берген күнгө чейин 1 айдан эрте эмес берилген карызынын жоктугу тууралуу Салык кызматы органынын жана Соцфонддун маалымкаты | | |
| 12 | Табыштама берилген датага карата 2 (эки) жылдан кем эмес иштин узактыгын ырастоочу документтер | | |
| 13 | Конкурс өткөрүлгөн жылдан мурунку жылдын жыйынтыгы боюнча жана табыштама берилген күндөн мурунку акыркы кварталдын аяктаган күнүнө карата абал боюнча өздүк каражаттардын эсеби | | |
| 14 | Башкарууда турган активдердин өлчөмүн тастыктоочу документтер | | |
| 15 | конкурстук табыштаманы кепилдик камсыз кылууну киргизүү жөнүндө төлөм документинин көчүрмөсү | | |

_________________________ ___________ __________________
(башкаруучу компаниянын жетекчиси) (кол тамгасы) (фамилиясы, аты-жөнү)

Дата: М О

**ишенимдүү башкаруу келишимин түзүү үчүн**
**башкаруучу компанияны тандоо боюнча**
**конкурстук документтерге**
**2-тиркеме**

(коштомо кат башкаруучу компаниянын – конкурстун катышуучусунун бланкында аткарылат)

Конкурстун уюштуруучусу –
Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду

Пенсиялык топтоо каражаттарын
ишенимдүү башкаруу келишимин түзүү үчүн
башкаруучу компанияларды тандоо боюнча конкурска катышууга
ТАБЫШТАМА

Ушул_______________________________________________________________
(уюштуруу-укуктук формасы жана конкурска катышуучу уюмдун аталышы)
_____________________________________________________________________ наамына
(жетекчинин кызматынын аталышы жана анын аты-жөнү).

“Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын топтоо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвестициялоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын шарттарына ылайык Социалдык фонду менен пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишимин түзүү боюнча конкурска катышуу ниетин билдирет жана төмөнкүдөй зарыл маалыматтарды жана көрсөткүчтөрдү берет, ошондой эле берилген маалыматтардын тууралыгы жөнүндө билдирет:

| № | Көрсөткүчтөр | Мааниси |
|---|---|---|
| 1. | Табыштама берилген датага карата Мамфинкөзөмөл тарабынан берилген инвестициялык активдерди башкаруу боюнча ишке лицензиянын болушу | Лицензиянын датасы жана номери |
| 2. | Акционерлердин (катышуучулардын) түзүмү жана курамы жөнүндө маалымат конкурска катышууга табыштама менен бирге берилет | ______ (Берилген / берилген эмес) |
| 3. | Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жана конкурс боюнча тандалып алынган депозитарийдин же алардын аффилиацияланган жактарынын аффилиацияланган жагы болуп эсептелет/ эсептелбейт | ______ Болуп эсептелет/эсептелбейт |
| 4. | Конкурстун катышуучусуна карата банкроттук жол-жобону колдонуу түрүндөгү санкциялардын, же инвестициялык активдерди, үлүштүк инвестициялык фонддорду жана мамлекеттик эмес пенсиялык фонддорду ишенимдүү башкаруу боюнча ишке лицензиялардын колдонулушун токтото туруу же жокко чыгаруу түрүндөгү санкциялардын жоктугу | ______ Колдонулган/колдонулган эмес |
| 5. | Конкурска катышууга табыштама берилген жылга чейинки акыркы эки жылда жоготуулардын жоктугу | ______ бар/жок |
| 6. | Табыштама берилген күнгө чейинки акыркы отчеттук күнгө карата абал боюнча салыктарды жана | ______ бар/жок |

| | | |
|---|---|---|
| | камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө боюнча карыздар жөнүндө маалыматтар. | |
| 7. | Башкаруучу компаниянын жетекчиси жана башкаруучу компания КР баалуу кагаздар рыногу жана финансылык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө административдик укук бузуулар үчүн жаза-чараларына ээ/ ээ эмес | ______ бар/жок |
| 8. | Ушул конкурстук табыштаманы берген күнгө башкаруучу компаниянын өздүк каражаттарынын (капиталынын) өлчөмү | ______ млн. сом |
| 9. | ушул конкурстук табыштама берилген датага карата (2 жылдан кем эмес) инвестициялык фонддордун же мамлекеттик эмес пенсиялык фонддордун же үлүштүк инвестициялык фонддордун башкаруучу компаниясы катары иштин узактыгы | ______ толук жыл |
| 10. | Конкурстун жыйынтыгы боюнча КР Социалдык фонду башкаруучу компания менен түзгөн пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишиминин текстине киргизүү үчүн пенсиялык топтоо каражаттарын инвестициялоо боюнча башкаруучу компаниянын чыгымдарынын сунушталган өлчөмү | отчеттук жыл ичинде ишенимдүү башкарууда турган таза активдердин орточо наркынан ___ % |
| 11. | Конкурстун жыйынтыгы боюнча КР Социалдык фонду башкаруучу компания менен түзгөн пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишиминин текстине киргизүү үчүн пенсиялык топтоо каражаттарын башкаруу боюнча башкаруучу компанияга сый акынын сунушталган өлчөмү | отчеттук жылда башкаруучу компания алган пенсиялык топтоо каражаттарын инвестициялоодон түшкөн кирешенин өлчөмүнөн __ % |
| 12. | Конкурстун жыйынтыгы боюнча КР Социалдык фонду башкаруучу компания менен түзгөн пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишиминин текстине киргизүү үчүн инвестициялык кирешенин сунушталган өлчөмү. | инвестициялык кирешенин жылдык ___ % өлчөмү |

Конкурстун жеңүүчүсү деп таанылган учурда ______________________________
(конкурстун катышуучусунун аталышы)
ишенимдүү башкаруу келишиминин колдонулушунун биринчи беш жылы аяктагандан кийин ишенимдүү башкаруучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келген шартта, конкурс өткөрүү жөнүндө билдирүүдө камтылган пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишиминин шарттарына ылайык келген пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишимин 10 жылга чейин узартуу укугу менен беш жылдык мөөнөткө түзүүгө милдеттенет.

1. Бул арыз менен биз тараптан берилген маалыматтын тууралыгына кепилдик беребиз жана конкурстун бардык катышуучулары үчүн бирдей шарттарды түзүү жөнүндө талапка каршы келбеген Конкурсту уюштуруучунун бизден, тиешелүү органдардан жана биздин табыштамада айтылган юридикалык жана жеке жактардан биз тараптан берилген маалыматтарды тактоочу маалыматты сурап алуу укугун ырастайбыз.

2. Эгерде биз конкурстун жеңүүчүсү деп таанылсак, биз Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 19-августундагы №590 токтому менен бекитилген Пенсиялык топтолмо каражаттарды ишенимдүү башкаруу келишимин түзүү үчүн башкаруучу компанияларды тандоо боюнча конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобого, конкурстук документтердин талаптарына, биздин табыштамалардын шарттарына ылайык Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду менен келишимге кол коюуга милдеттүүбүз.

3. Уюштуруу мүнөзүндөгү маселелер жана Конкурстун уюштуруучусу менен өз ара аракеттенүү боюнча ыкчам билдирүү үчүн биз ______________________________

________________________________________________________________________________
(Конкурстун катышуучусунун өкүлүнүн аты-жөнү, телефону)

Конкурс өткөрүү жөнүндө бардык маалыматтарды ыйгарым укуктуу адамга билдирүүңүздөрдү суранабыз.

4. Биздин юридикалык дарек___________________________________________________

_______________________________________________________________________________,
анык дареги _____________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________,
телефон ___________, факс ________, банк маалым даректери:

________________________________________________________________________________
_________________________, электрондук почта дареги _____________________.

5. Кат алышууну биздин дарекке жөнөтүүңүздөрдү суранабыз: ____________________
_______________________________________________________________________________.

6. Бул арызга тизме боюнча _____ барактан турган документтер тиркелет.

Ошондой эле төмөнкү кошумча маалыматты билдиребиз: _________________________
________________________________________________________________________________

Уюмдун жетекчиси _____________________ (Фамилиясы, аты-жөнү)
(кол тамгасы)

Башкы бухгалтер ______________________ (Фамилиясы, аты-жөнү)
(кол тамгасы)

МО

Тиркемелер:

1. Коллегиялуулук аткаруу органы жөнүндө же жеке аткаруу органынын функцияларын жүзөгө ашыруучу адам жөнүндө маалыматтар (1-тиркеменин формасы боюнча) ___ баракта.

2. Штаттык кызматкерлер жөнүндө маалымат (2-тиркемесинин формасы боюнча) ___ баракта.

3. Пенсиялык топтомо фонддордун жана (же) үлүштүк инвестициялык фонддордун активдерин ишенимдүү башкаруу келишимдеринин көчүрмөлөрү ___ баракта.

4. Талапкердин жетекчиси жана башкы бухгалтери кол койгон, аудитор тарабынан күбөлөндүрүлгөн аралык бухгалтердик баланстын негизинде арыз берилген датанын өткөн айынын 1-күнүнө карата башкаруучу компаниянын өздүк каражаттарынын эсеби.

5. МСКнын аймактык органынын жана Социалдык фондунун Конкурска катышууга табыштама берилген күндөн мурунку айдын аягына карата бардык деңгээлдеги бюджеттер алдында мөөнөтү өткөн карыздарынын бар экендиги (жоктугу) жөнүндө маалымкаты ___ баракта.

6. Пенсиялык топтоо каражаттарын инвестициялоо боюнча операцияларды жүргүзүүдө тобокелдиктерге, ишенимдүү башкарууга берилген каражаттардын пайдаланылышына жана сакталышына, башкаруучу компаниядагы жана башкаруучу компания менен депозитарийдин ортосундагы документ жүгүртүүнү контролдоону камсыздоочу пенсиялык топтоо каражаттарын инвестициялоо боюнча чечимдерди кабыл алуу тартибин аныктаган ички регламенттердин көчүрмөлөрү, ошондой эле пенсиялык топтоо каражаттарын инвестициялоо боюнча операциялар жөнүндө кызматтык маалыматты санкцияланбаган жеткиликтүүлүктөн коргоо.

7. Жеке жактарды, юридикалык жактардын аталыштарын жана аффилиацияланган белгисин көрсөтүү менен башкаруучу компаниянын аффилиацияланган жактары жөнүндө маалыматтар (эркин формада).

Конкурска катышуу табыштамасына
1-тиркеме

Маалымат
коллегиялуу аткаруу органынын курамы жөнүндө
(жеке аткаруу бийлигинин)

______________________________________________________________

(уюмдун аталышы)

Табыштама берген күнгө карата коллегиялуу аткаруу органынын мүчөлөрүнүн ар бири (жеке аткаруу органынын функцияларын жүзөгө ашыруучу адам) жөнүндө маалымат

| | | |
|---|---|---|
| | Коллегиялуу аткаруу органынын мүчөсүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты (жеке аткаруу органынын функцияларын жүзөгө ашыруучу адамдар) | |
| | Кызмат орду | |
| | Уюмдардагы иши тууралуу маалымат | Уюмдун аталышы, кызматы |
| | КР Мамфинкөзөмөлүнүн квалификациялык аттестаттарынын болушу | Сериясы, номери, аяктоо датасы |
| | КР Мамфинкөзөмөлдүн квалификациялык аттестатына ылайык квалификациясы, адистиги | |
| | Иш стажы (үлүштүк инвестициялык фонддордун башкаруучу компанияларында же баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучу уюмдарында жетекчи кызматтарда) | Толук жылдардын саны |

Тиркемелер:

1. КР Мамфинкөзөмөлдүн квалификациялык аттестатынын көчүрмөсү (талапкер уюм тарабынан күбөлөндүрүлгөн) ____баракта.

2. Жогорку билими жөнүндө дипломдун көчүрмөсү (талапкер уюм тарабынан күбөлөндүрүлгөн) ____баракта.

3. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү (талапкер уюм тарабынан күбөлөндүрүлгөн___ баракта.

Жетекчи _____________ ______________________
кол тамгасы фамилиясы, аты-жөнү

МО

Сынакка катышуу
табыштамасына
2-тиркеме

Штаттык кызматкерлер жөнүндө
маалымат

______________________________________________

(уюмдун аталышы)

Табыштама берилген күнгө карата штаттык кызматкерлер жөнүндө маалымат

| | | |
|---|---|---|
| | Фамилиясы, аты, атасынын аты | |
| | Кызмат орду | |
| | КР Мамфинкөзөмөлүнүн квалификациялык аттестаттарынын болушу | Сериясы, номери, башталган күнү |
| | КР Мамфинкөзөмөлдүн квалификациялык аттестатына ылайык квалификациясы, адистиги | |
| | Иш стажы (инвестициялык фонддордун, пайлык инвестициялык фонддордун же мамлекеттик эмес пенсиялык фонддордун башкаруучу компаниясы же баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучусу катары иш жүргүзгөн уюмда) | Толук жылдардын саны |

Тиркемелер:

1. КР Мамфинкөзөмөлдүн квалификациялык аттестатынын көчүрмөсү (талапкер уюм тарабынан күбөлөндүрүлгөн) ___ баракта.

2. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү (талапкер – уюм тарабынан күбөлөндүрүлгөн) ___ баракта.

Жетекчи _____________ _________________

кол тамгасы фамилиясы, аты-жөнү

МО

Ишенимдүү башкаруу келишимин
түзүү үчүн башкаруучу
компанияларды
тандоо боюнча конкурстук
документтерге карата
3-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын
Экономика жана коммерция
министрлигине караштуу
финансы рыногун жөнгө салуу
жана көзөмөлдөө мамлекеттик
кызматы**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан алар менен пенсиялык топтоо каражаттарын ишенимдүү башкаруу келишимин түзүү үчүн башкаруучу компанияларды тандоо боюнча конкурс өткөрүлгөндүгүнө байланыштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун дарегине 3 күндүк мөөнөттө төмөнкү маалыматтарды берүүнү өтүнөбүз: ________________________________________________________________
____________________________________________________________________________:
(уюмдаштыруучу документтерге ылайык конкурстун катышуучусунун аталышы)

инвестициялык активдерди ишенимдүү башкаруу боюнча иш жүргүзүүгө колдонуудагы лицензиянын номери жана датасы;

банкроттук жол-жобосун колдонуунун болгон фактылары же акыркы 2 жылдын ичинде инвестициялык активдерди, үлүштүк инвестициялык фонддорду жана топтолмо пенсиялык фонддорду башкаруу боюнча ишке лицензияны жокко чыгаруу түрүндөгү санкциялар жөнүндө;

акыркы 2 жылдын ичинде башкаруучу компанияда жана анын жетекчисинде баалуу кагаздар рыногу жана финансылык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө административдик укук бузуулар үчүн жаза-чаралардын жоктугу жөнүндө.

Төрага